# ИЛИМИЙ МАКАЛАНЫ КАНТИП ТУУРА ЖАЗУУ КЕРЕК?



**Даярдаган:** ***Элбесова Айгүл Бейшенакуновна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***жетектөөчү илимий кызматкер,***
***Кыргыз билим берүү академиясы.***

**Моб.: +996 550 231 803 (Mega);**
**+996 777 605 408 (WhatsApp);**
**+996 500 605 408 (O!).**
**E-mail: aigulbeishenakun@gmail.com**

# Илимий макала деген эмне?

***Илимий макала*** — диссертациянын, курстук жана дипломдук иштердин, рефераттардын, илимий-тажрыйбалык конференциянын ж.у.с. темасына байланыштуу проблемалардын алкагындагы белгилүү бир теманы чагылдырган жана логикалуу бир бүтүндүүлүктө сыпатталган, анын жыйынтыгы корутундулап бүткөрүлгөн чыгарма.







Азыркы учурда илимий макаланы окумуштуулар жана аспиранттар эле эмес, студенттер, ал тургай, окуучулар дагы жазууда. Илимий изилдөө кыймылы өсүп-өнүгүп, изилдөө ишмердүүлүгүнө окуучулар дагы тартылууда: алар илимий булактарды дыкаттык менен чогултуп, материалдарды кызыгуу менен өздөштүрүп, өздөрүнүн оригиналдуу идеяларын сунуш кылышууда.

Илимий макаланы жазууда анын планын так түзүп алуу, эреже-сунуштарды кылдат сактоо керек. Илимий макаланы жазууда анын «байкалбаган ой-чуңкурлары» көп болот. Андыктан автор басып чыгарууга жарай тургандай, окумуштууларга жана кесиптештерине түшүнүктүү боло тургандай илимий макаланы жазыш үчүн бир катар жагдайларды билиши зарыл. Илимий эмгек оригиналдуу идеясы, байкоо жүргүзүүлөрү бар кызыктуу мазмунда болууга, так жана туура түзүмдө даярдалууга тийиш, теориялык базасы жакшы болушу керек. Андай макала сөзсүз түрдө илимий кызыгууну жаратат, окурманга жана авторго пайда алып келет.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Максаттуу аудиторияны аныктоо.*** Сиздин маалыматыңыз кандай чөйрөгө арналганын Киришүү бөлүмүндө белгилеп көрсөтүшүңүз керек.
- ***Мазмунун туура берүү.*** Илимий макала ар кайсы изилдөөлөрдөн үзүп алынган маалыматтардан топтолуп, аягында сиздин бүтүмүңүз менен корутундуланып калбоого тийиш. Макала — толугу менен Сиздин изилдөөңүз, ошондуктан Сиз теориялык базаларга таянып талдоо жүргүзүшүңүз керек.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Сөзсүз түрдө фундаменталдык изилдөөлөргө негизденүү керек, белгилүү илимий ачылыштарга негизденүү менен, жаңы фактыларды, байкоолорду жаратыш керек.*** Сиз сөзсүз түрдө статистикалык маалыматтарга, окумуштуулардын эмгектерине шилтеме беришиңиз керек. Эгерде проблема боюнча ага чейинки теориялык негиздерге таянбастан, өзүңүздүн гана байкоо жүргүзүүлөрүңүздү сыпаттап жаза турган болсоңуз, анда алар канчалык баалуу болсо дагы, ал эч кандай илимий чыгарма болбой калат.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Баяндоо стилине өзгөчө көңүл буруу.*** Адатта, жаш окумуштуулар өздөрүнүн илимди таанып биле тургандыгын башкаларга толук билдиргиси келип, максимум академиялуулукту көрсөтүп алышат. Натыйжада текст өтө эле илимий мазмунда жазылып, кабыл алууга кыйын болуп калат. Андай учурда татаал терминдердин жана чет тилиндеги сөздөрдүн жарымынан көбүн, башкалар тургай, окумуштуулар дагы түшүнө албай калышат. Андай макалаларды эч кимдин окугусу да келбейт. Ошондуктан терминдерди жана татаал аталыштарды зарылчылыгына жараша колдонуу жана алардын маани-маңызына илимий мааниси боюнча түшүндүрмө берүү керек.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Макаладагы проблеманы ачып көрсөтүү менен, илимий ойдун өнүгүүсү жөнүндө кыскача баяндама берүү.*** Эгерде койгон проблемаңыз өтө эле эксклюзивдүү болсо дагы, аны илимдин белгилүү бир тарамы менен байланыштырууга болот.
- ***Текстти айкын-ачык жана так логикалык структура боюнча түзүү.*** Илимий макаладагы ой толгоолор бири-бири менен тең салмактуулукта жалгашкан шайкештикте сыпатталып жазылып, текст сабаттуу түзүлүшү керек: тексттин мазмуну темага ылайык мааниде болууга тийиш.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Тексттин пландаштырылган көлөмүнүн мазмунга ылайык келүүсүн алдын-ала ойлонуштуруу.*** Мазмунга сыйбай турган нерсени сыйдырууга аракеттенип куру убара тартуунун кереги жок. Эң жакшы варианты – илимий макалада проблеманын белгилүү бир аспектиси гана каралып, тема тар, айкын жана так болушу керек. Ошондо гана Сиз анын майда-чүйдөсүнө чейин караштыра жана изилдеп бүткөрө аласыз, теманы толугу менен ачып бере аласыз.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Илимий макаланын структурасынын, сыпатталып жазылышынын, мазмунунун жана жасалгаланышынын ал жарыялана турган басылманын талабына жооп бериши.*** Эгерде макала конференция же конкурс үчүн жазылышы керек болсо, анда адегенде анын көлөмүнө, жасалгаланышына коюлган талаптарды жакшылап окуп өздөштүрүү керек. Макаланы кайсы илимий иш-чарага же журналга жөнөтүү керектигин алдын ала аныктап алуу керек. Көпчүлүк учурда материалдын багыты жана көлөмү сиз каалагандай болбой калат. Ошондуктан бир нече басылманы тандап алуу керек дагы, макаланын мазмунун анча-мынча өзгөртүү менен, 2-3 варианттагы илимий макаланы даярдоого болот.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Жарыялана турган басылмага, максаттуу аудиторияга, редакциянын же басманын «формат» деп аталган талаптарына ылайыкташтырышы.*** Илимий макаланын негизги проблемасы, аныктамалары, түшүндүрмөлөрү жана шилтемелери орду менен берилип, окурмандарга түшүнүктүү болууга тийиш, алардын даярдык деңгээлдерине, айтылып жаткан маселе боюнча маалыматтуулугуна шайкеш болушу керек. Мисалы, татаал терминдерге, жаңы түшүнүктөргө кеңири түшүндүрмөлөрдү берүү менен, анын маани-маңызын ачып көрсөтүү зарыл.

# Илимий макаланы туура жазуунун негизги принциптери

- ***Текст бөлүмдөргө, абзацтарга бөлүштүрүлгөндө*** гана түшүнүүгө ыңгайлуу болуп, жакшы кабыл алынат.
- ***Теманын, бөлүмдөрдүн, абзацтардын мазмундук жактан байланыштуулугу, каралып жаткан маселеден четтеп кетпөө;***
- ***Материалды логикалык байланышта жыйынтыктап корутундулоо.*** Макаланын негизги илимий баалуулугу мына ушул корутундуларда тастыкталат, ал эми байкоо жүргүзүүлөр, аргументтер жана далилдер аларды ырастап турат.

# Илимий макаланы жазуунун алгоритмдери


- Илимий макалада сыпаттала турган маселени, проблеманы так аныктоо.
- Ошол проблема боюнча тийиштүү булактарды, материалдарды, ошондой эле жарык көргөн эмгектерди жакшылап окуп өздөштүрүү.
- Кантип максималдуу логикалуу сыпаттоого боло тургандыгы жөнүндө ойлонуштуруу.
- Кайрадан илимий булактарды караштыруу керек. Сөзсүз илимий китепканага барыш керек. Илимий макалада мүмкүн болушунча соңку жылдарда жарык көргөн эмгектерге шилтеме берилүүгө тийиш.

# Илимий макаланы жазуунун алгоритмдери

- Материалды илимий китептерден эле эмес, жыйнактардан жана журналдардан дагы караштыруу керек. Илимий-тажрыйбалык конференциялардын жыйнактарында оригиналдуу материалдар көп болот.
- Адегенде бир нече маселелерди тизмелеп жазып чыгуу керек. Андан кийин алардын арасынан актуалдууларын жана бир кыйла келечектүүлөрүн белгилеп алып, ошолор боюнча өзүңүздүн идеяңызды тастыктаңыз, кызыктуу байкоолоруңузду сыпаттап жазыңыз.
- Андан кийин **илимий макаланын планын** түзүңүз. Планды жакшылап ойлонуштуруп, так жана туура түзүү керек.

# Илимий макаланын планы

Аннотациясы, түйүндүү сөздөр




Кириш үү бөлүгү

Негизги бөлүк
(муну бөлүмдөргө бөлүштүрүп коюу туура болот)

Корутунду бөлүгү
(жыйынтыктардан турат)

Шилтемелер

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси

# Илимий макаланы жазуунун алгоритмдери

- Илимий макалада анын ***аннотациясын*** жана ***түйүндүү сөздөрдү*** жазуу талап кылынат. Аннотация болжол менен 5–10 сүйлөмдөн турат. Түйүндүү сөздөргө макаланын өзөгүн түзө турган түшүнүктөр кирет.
- ***Изилдөө методдорун*** аныктоо. Алар иштин багытына, темага жана заманбап талаптарга туура келиши керек.
- Илимий макаланын алгачкы варианты: макаланын ***негизги бөлүгү***, аргументтер жана далилдер жазылат, илимий ойдун өнүгүшү сыпатталат жана өзүнүн байкоо жүргүзүүлөрү жана корутундулары тастыкталат.
- ***Киришүүнү*** жана ***корутундуну*** негизги бөлүк жазылып бүткөндөн кийин жазыш керек.

# Илимий макаланы жазуунун алгоритмдери

- Киришүүдө шарттуу түрдө төмөндөгүлөр камтылууга тийиш:
  - кыскача киришүү маалыматы;
  - проблема боюнча эмгектерге карата сынчыл көз караштагы талдоо жүргүзүү;
  - изилдөөнүн себептери; максаты жана милдеттери;
  - теманын актуалдуулугу;
  - макаланын планы.
- Киришүүнү жана негизги бөлүктү кайрадан окуп чыгып, оңдоолорду киргизүү керек;

# Илимий макаланы жазуунун алгоритмдери

- Андан кийин корутундуну жазуу:

  Корутундуда тема боюнча негизги жыйынтыктар чыгарылат. Алар макаланын мазмуну боюнча ырааттуу чыгарылышы керек. Негизги бөлүктө каралбаган жаңы маалыматтар киргизилбеши керек. Макаланын жоболору кайталанбашы керек.
- Макаланын текстин кайра башынан кунт коюп окуп, текшерип чыгуу. Фактылардын шексиздигине, баяндоонун логикалуулугуна, темалар менен корутундудагы жыйынтыктардын мазмундук жактан ырааттуулугуна көңүл буруу керек.

# Илимий макаланы жазуунун алгоритмдери

- Акырында илимий макаланы тариздеп жасалгалоо керек. Ал басылманын, конкурстун, конференциянын талаптарына, шартына жараша таризделет. Илимий макала үчүн сабаттуу жасалгалоо өтө маанилүү.

***Алгоритм боюнча так иштеш керек, булактарды жетиштүү санда өздөштүрүп, өз көз карашын, байкоолорун айкын-ачык жана так аныктап, туура тастыктоо керек. Текстти коюлган талаптарга ылайык жасалгоо зарыл. Илимий макала ошондо гана сабаттуу жазылган жана туура даярдалган илимий макала болот.***

# Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:

**Илимий макаланы** жазыш үчүн кеминде 5–10 булакты пайдалануу керек. Илимий макаланы жазуунун эрежесине ылайык адабияттардын тизмесине цитата алынган булактарды эле эмес, макаланы жазууда колдонулган жана текстте эскерилген адабияттарды дагы киргизүү керек.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмесин түзүү** илимий макаланын ж.б. илимий эмгектердин (курстук иш, реферат, дипломдук иш, диссертация) милдеттүү курамдык бөлүгү болуп саналат. Ал негизги тексттен кийин, макаланын аягына берилет.

# Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:

- Адабияттардын тизмеси **ар кандай форматта түзүлүшү мүмкүн** (редакциянын талабы боюнча):
  - ✓ алфавиттик тартипте;
  - ✓ шилтемелер боюнча;
  - ✓ документтердин маанисине жараша (ченемдик актылар, документтик булактар, монографиялар, макалалар, башка адабияттар);
  - ✓ хронологиялык тартипте, же документтердин ж.б. басылган жылына жараша.



# Көңүл бурганыңыздарга рахмат!



